*Токтогулов С.Т.,*
*д.п.н., доцент*
*Жалал-Абадский Государственный Университет*

*Сакиева С.С.*
*д.п.н., доцент*
*Жалал-Абадский Государственный Университет*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА БИЛИМ БЕРҮҮ САПАТТАРЫН ЖОГОРУЛАТУУ ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА ОКУУ ПЛАНДАРЫНЫН ӨЗГӨРҮҮ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ

# ПРОБЛЕМЫ ПОВЫШЕНИЯ КАЧЕСТВА ОБРАЗОВАНИЯ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ И ТЕНДЕНЦИИ ИЗМЕНЕНИЯ УЧЕБНЫХ ПЛАНОВ

**Аннотация:** *макалада 1993-2015-окуу жылдары үчүн башталгыч класстын кыргыз класстары үчүн окуу пландарынын анализдери жана өзгөрүү тенденциялары талданып, анын перспективалык багыттары сунушталды.*

**Аннотация:** *в статье проанализированы учебные планы начальных классов для кыргызских классов от 1993 до 2015-го года, показаны их позитивные и негативные стороны, рекомендованы перспективные направления.*

**Annotation**: *the article is about how to planed reading. Skills for senior classes in kyrgyr languagtes. Erom 1993-2015 years/ Shows posieive and negative sides and we try to recommended them.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *окуу планы, окуу жүктөмү, интеллектуалдык предмет, үч тилдүүлүк. жумалык сааттар, башталгыч класстар, окуу нормативдик документтер.*

***Ключевые слова:*** *учебный план, учебные нагрузки, интеллектуалный предмет, многоязычие, недельные нагрузки, начальние классы, учебные нормативные документы.*

***Key words:*** *studing plan, studing part-time, an intelactual subject, monoldnguages, part-time in a weck, junior classes, studing normative documents.*

Башталгыч класстардагы билим берүү сапаттарын жогорулатуу проблемалары бир нече факторлордон көз каранды болот. Алардын негизгилери болуп:

- окуу пландарынын сапаттарынан жана өз убактысында массалык маалымат каражаттарында жарыяланган мөөнөттөрү;
- окуу нормативдик документтеринин салыштырмалуу туруктуулугу;
- бейшемби күндү экинчи жекшемби күнгө айландыруу болуп саналат.

Учурдагы башталгыч класстар үчүн окуу пландарынын абалын мүнөздөө үчүн адегенде, 22 жыл бою, б.а. 1993-жылдан 2015-жылга чейинки мезгилде алардын кандай багытта жана эмне үчүн өзгөргөндүктөрүн талдап көрөлү.

1994-жылдын Кыргыз Өкмөтүнүн 18-апрелиндеги № 237- токтому менен 1994-95-окуу жылы үчүн тандоо курсунун, факультативдердин сааттары кыскартылды.

Натыйжада жалпы жумалык сааттар 1989/90-окуу жылдарына салыштырмалуу: 1-11- класстарда – 11%га, 8-11- класстарда - 19%га, 10-11-класстарда – 27%га кыскарды.

Ошондуктан андан кийинки окуу планындагы предметтердин сандык көрсөткүчтөрү өзгөрүлгөн же жаны предметтер киргизилген белгилери боюнча сегиз этапка бөлүнгөн окуу пландарынын сандык көрсөткүчтөрүн таянабыз (Тиркеме 1).

Таблицанын сандык көрсөткүчтөрүнөн:

1993-94 – 1998/99-окуу жылдарында чет тили 1-класстын экинчи жарымынан жумасына эки жолу жүктөм менен окутуу башталгандыгы;

1999-2000 – 2002-2003-окуу жылдарында:

– кыргыз тилинин окуу жүктөмдөрү 1-класста жумасына 7саат, 2-4-класстарыда 8 саат менен окутулду;

– эгерде 1-класста музыка жумасына 1саат, 2-4-класстарда эки саат менен окутулуп келсе, 1999-2000-окуу жылынан «бир сааттык предметке» айланды;

2003-2004 – 2004-2005- окуу жылдарында:

– 2-4-класстарда кыргыз тилди жумасына бир саатка, б.а. жумасыа 7 саат окуу жүктөмү менен окутула башталды;

– сүрөт искусствосу 2-класстан жумасына бир саттан окутула баштады;

– 2004-2005-окуу жылынан баштап (адеп) ыйман предмети «бир сааттык предметтердин» катарын толуктады;

2005-06 -2008-09-окуу жылдарында:

– сүрөт искусствосу «бир сааттык предметке» айланды;

– мекен таануу предмети 1-класстан бир саатка кем окутула башталды;

– турмуш-тиричилик коопсуздук негиздери предмети «бир сааттык» предметтердин катарын толуктады;

2009-2010 - 2014-2015- окуу жылдарында:

– 1995-1996 - 2009-2010-окуу жылдары 1-класста жумасына үч жолу, 2-4-класстарда төрт жолудан окутулуп келе жаткан орус тили 2009-2010-окуу жылынан бир сааттан кыскартылып, башталгыч класстарда үч жолудан окутулду;

– 2009-2010-окуу жылынан баштап чет тили 3-4-класстардан окутула баштады;

– 2011-2012-окуу жылынан баштап мекен таануу «бир сааттык предметке» айланды;

– кыргыз тили боюнча жумалык окуу жүктөмү 1-класста бир саатка кыскартылып окутула баштады;

Чындыгында, окуу планы ар бир окуу жылында өзгөртүүчү окуу нормативдүү документи эмес. Эгерде окуу планы жыл сайын өзгөрө берсе, мектепте пайдаланып жаткан окуу программалары, окуу китептеринин абалдары эмне болот? Мындай баш аламандыкта мугалим предмети боюнча кандай даярданат?

Окуу планы – мамлекеттин билим берүү жаатында, анын саясатын иш жүзүнө реалиизациялоочу каражат жана мамлекеттин өнүгүү тактикасынын жана стратегиясын өз ичине камтыган негизги окуу нормативдик документ.

Ошондуктан, стратегиялык багытта жыл сайын өзгөргөн окуу планында логикалык удаалаштыкта баскычтуу мүнөздөгү кадамдарынан 22 жылдан бери кандай максаттар иш жүзүнө ашырылгандыгын айтууга болот? Окуу планын иштеп чыгууда илимий педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларына таянуу абзел. Мисалы, аталган багыттагы изилдөөлөрүбүздө [6, 64-100-б.]:

- эне тили, орус тили, чет тилинин орду жана музыка, сүрөт искусстосу, алардын жумалык жүктөмдөрү канча болорун аныктап алуу зарылдыгы келип чыкты;
- башталгыч класстар үчүн графтар теориясынын негизинде ар бир предметтин ордун аныктаган окуу планынын математикалык модели сунушталды.

Үч тилдүүлүктүн проблемасын чечүү үчүн К.Д.Ушинскийдин идеясын чечүүгө багытталган көз карашын пайдаланууну туура көрдүк. Анын пикиринде, азыркыдай үч тилдин тең тайлашуу доорунда жумалык жүктөмдөрдү төмөнкүлөй болгонун он көрөт:

а) баланын өзүнүн тилинде сабатсыздыгы жоюлгандан кийин, б.а. өз тилинин тамгасын таанып, окуп жана жаза билгенден кийин чет тилине окутууга болот;

б) бир эле мезгилде эки чет тилин толук кандуу өздөштүрүп болбойт. Биринчи чет тилди жумасына 6-9 саат менен окутулганын оң деп эсептейт. Себеби, адатта баланы зериктирүүчү окуу материалдарын тез өтүү үчүн жана эстен чыгарбаганга өбөлгө түзүлөт. Экинчи чет тилдин биринчисин азайтуу менен экинчиси да ушундай мүнөздө окутулат;

в) чет тилдери аркылуу, башка элдин маданияты баланын руханий дүйнөсүн ээлеп алуу коркунучу пайда болот [1, 217-б.]. Ошондуктан, мындай коркунучтуу компенсациялоо үчүн К.Д.Ушинскийдин идеясына таянып, экинчи тилди толук кандуу өздөштүргөндүгүн пайдалануу менен чет тилинде баяндалган Кыргыздардын жашоо шарты, үрп-адаттары, тарыхы, кооз жерлери жөнүндө адабияттарды өздөштүрүү аркылуу жетишүүгө болот деп эсептейбиз. Ансыз бала өздөштүргөн тилдердин интерференциясы өкүм сүрүп калат, б.а. баланын сөз курамына эки тилди аралаштырып сүйлөгөн шарттар түзүлүп калат. Андан тышкары, баланын өз оюн сүрөт аркылуу берүү менен алардын логикасы, эстетикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө мүмкүндүк түзүү аркылуу жетишүүгө болот [6,50-б.], б.а. музыка, сүрөт искусствосу предметтери окуучунун ден соолугун сактоочу предметтер гана болуп калбастан, алар менен бирге эне тилинде жомоктордун негизинде интегралдык таасирлери, булар бардыгы биригип келип, баланын руханий дөөлөтүн туура калыптандыруучу касиетке ээ боло тургандыгын белгилемекчибиз. Ошондуктан, К.Д.Ушинскийдин үч тилдүүлүк проблемаларын чечүүгө багытталган идеясы, окуу пландарын иштеп чыгуу үчүн колдонмо катары **приоритеттердин удаалаштыгы жана окуучулардын ден соолугун сактоо принциби** сунушталды [6, 72-76-б.]. Бул принцип боюнча, биринчи класста приоритет эне тилине берилет. Анын башка предметтер эне тилинде окутулгандыгын эске алуу менен экинчи, үчүнчү класстарда приоритет орус тилине берилиши керек болот. Бирок, 4-класста, адегенде, чет тилин жумасына эки жолу мөөнөттө окугандыгын туура көрөбүз. Анда, Англиянын тарыхын өздөштүрүү аркылуу немецтердин, француздардын колониясында болгон мезгилде англис тилинде алардын калып кеткен сөздөрү менен тааныш болушат. Окулганда айрым сөздөр эмне үчүн айтылбай калгандыгына күбө болушат. Тажрыйбада аныкталгандай, 5-6-класстарда чет тилине берилген приоритет өз жыйынтыгын бере баштайт. Айрым предметтердин окуу жүктөмдөрү туура аныктоо зарылдыгынан, окуу планын иштеп чыгуучулар үчүн колдонмонун экинчи принциби катары **окуу жүктөмдөрүнүн балансы жана оптималдуулугу принциби** сунушталды [ 6, 76-79-б.]

Санын жана алардын сандык көрсөткүчтөрүн графтар теориясынын негизинде окуу планын математикалык принципте кароо маанилүү. Бул принциптин маңызы башталгыч класстар үчүн төмөнкүчө:

Сөз – окуучунун ден соолугун сактоочу предметтер (музыка, сүрөт искусствосу, дене тарбия) менен интеллектуалдык предметтердин (эне тили, орус тили, математика) балансы жөнүндө. Анын оптималдуулугу – бул айрым предметтердин жумалык жүктөмдөрүнүн максималдуу жана минималдуу маанилерин аныктоо деп түшүндүрүлөт. Ошондуктан, окуу жүктөмдөрүнүн максималдуу мааниси үчүн – жумасына 6 саат, минималдуу мааниси 2 саат деп алынат.

**Сүрөт 1: биринчи класстын окуу планынын тармакталган модели**




В.Г.Разумовскийдин пикиринде, жумасына 1саат окутулган предмет – бул окутуунун имитациясы, анын эффективдүүлүгү эн төмөн болот [4, 13-14-б.]. Ошондуктан, өз маалында Ю.К.Бабанский: дайыма замандын өзгөрүшү улам жаны предметтердин окутуу зарылдыгын пайда кылат деген. Ошондуктан, мындай өзгөрүүлөрдү камтуу үчүн, окуу планындагы предметтеринин санын көбөйтүү аркылуу эмес, белгилүү болгон предметтердин мазмунуна кошумча глава катары киргизүү аркылуу жетишүүгө болот деп эсептеген [2, 425-428-б.]. Мисалы, биздин пикирибизче, ал үчүн, Адеп предметин Кыргыз тили жана адабиятына кошуу менен жетишүүгө болот. Себеби, жомоктордо баланы руханий калыптандыруучу жана тарбиялык маандеги потенциалы чексиз. Ал эми турмуш тиричиликтин коопсуздук негиздери предметине Мекен таанууну кошсо болот. Ал предметтин статусун өзгөртүү, жаратылышты үйрөнүүчү предмет катары табигый предметтерге даярдык багытында окуу материалдарын тандоо милдети жүктөлөт. Башталгыч класстарда окуу предметтеринин моделинин жардамы менен аныктоого болот.

Мында интеллектуалдык предметтерди: Алиппе, Жазуу, Математика түзсө, Ден соолукту сактоочу предметтердин катарына: Музыка, Сүрөт искусствосу, Дене тарбия жана педагогикалык процессти уюштурууда баланын ден-соолугун сактоонун оптималдуу жолдору сунушталат (ППуБДСЖ). ППуБДСЖ – бул расписаниеде ар бар жуманын бейшемби, базар күнү болушуна жетишүү, 1-класстар үчүн баланын каалоосуна жараша ордунан туруп жазуучу столдор, же жатып алып жаза турган палас менен камсыздоо ж.б.у.с.

Аталган предметтердинн бири-бирине кандайча таасир эте тургандыгын карап көрөлү. Окуучунун ден соолугун сактоочу предметтердин бардыгы эне тилине, жазууга, математикага позитивдүү таасирлерди бере тургандыгын 1-сүрөттөн көрүнүп турат. Андан тышкары, жазууга эне тилинин баланын сабатсыздыгын жоюуда он таасирин берсе, математикага баланын эне тилинде окуй алышы жана жаза билүү көндүмдөрү позитивдүү таасир эте тургандыгы көрүнүп турат. Экинчи класстан орус тили окутулгандыктан, баланын ден соолугун сактоочу предметтерден тышкары, баланын эне тилин, жазууну, математиканын ийгиликтүү өздөштүүү өз кезегинде, орус тилин мажбурлабай окутуу режимин түзө тургандыгын белгилемекчибиз.

Үчүнчү класстан мекен таануу жана төртүнчү класстан чет тили киргизилгендиктен, бала бешинчи класска окуусун толук кандуу ийгиликтүү окуусун улантууга даяр болот.

Жогоруда белгиленгендердин негизинде төмөнкүдөй окуу планы [6, 143-б.] орто мектептин шартында бир нече жылдар бою апробациядан өткөндүгүн белгилей кетели.

**Башталгыч класстар үчүн эксперименталдык окуу планы**

| Предметтер | | Базистик окуу планы | | | | Эксперименталдык окуу планы | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Класстар | | 1 | 2 | 3 | 4 | 1 | 2 | 3 | 4 |
| 1. | Кыргыз тили | 6 | 7 | 7 | 7 | 8/10 | 7 | 6 | 6 |
| 2. | Орус тили | 3 | 3 | 3 | 3 | - | 6 | 6 | 4 |
| 3. | Чет тили | - | - | 2 | 2 | - | - | - | 2 |
| 4. | Математика | 4 | 5 | 5 | 6 | 4 | 5 | 5 | 6 |
| 5. | Мекен таануу | 1 | 1 | 1 | 1 | - | - | 2 | 2 |
| 6. | Сүрөт искусствосу | 1 | 1 | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| 7. | Музыка | 1 | 1 | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| 8. | Дене тарбия | 2 | 2 | 2 | 2 | 4 | 3 | 3 | 3 |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9. | Адеп | 1 | 1 | 1 | 1 | - | - | - | - |
| 10. | Турмуш-тиричиликтин коопсуздуктун негиздери | 1 | 1 | 1 | 1 | - | - | -- | - |
| 11. | Бардыгы | 20 | 22 | 24 | 25 | 20/22 | 25 | 26 | 27 |

Сунушталган окуу планы – баланын ден-соолугун, руханий дүйнөсүн сактап, улуттук менталитетин жоготпогон келечектин муунун турмушка сапаттуу даярдоого багытталган.

Эми окуу планынын мектепке жетип барган мөөнөтүнө келсек. И.Б.Бекбоевдин лекцияларында белгиленгендей, алар апрель-май айларына чейин жеткирилиши максатка ылайыктуулугу далилдеген.

Себеби, мектеп жетекчиси, биринчиден, аталган айларда, так аныкталган предметтер боюнча окуу жүктөмдөрүнүн негизинде класс комплектиси такталып, кандай кадрларга мектеп муктаж экендиги аныкталат. Экинчиден, проф. И.Б.Бекбоев, мугалимдер каникул мезгилинде, кайсы класстарда сабак бериши дайын болгондон кийин, жаны окуу жылына даярданууга өбөлгө түзүлөт деп эсептейт.

Окуу планынын салыштырмалуу туруктуулугун сактоо маселесине келсек, алдынкы мамлекеттерде, он жыл деп эсептелет (Биз үчүн беш жыл болсо жетиштүү). Эгерде зарылдык пайда болсо сөзсүз, окутулуп жаткан окуу планынын уландысы катары каралат. Мындай абалда, окуу программалары, окуу китептериннин мазмундары стабилдешкенинен, мугалимдин иш-аракеттери туруктуу боло баштайт жана эч нерсеге алагды болбой, инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [3] боюнча даярданууга өбөлгө түзүлөт.

Макаланын аягында окуу пландарына тиешелүү проблемаларды чечүү – бул илимий теориялык жана прикладдык багытта чечүүнү талап кылган көп жылдык тынымсыз изилдөөлөргө таянуу аркылуу, мамлекеттик билим берүү концепциясын реализациялоого багытталган эмгектердин натыйжалары экендигин белгилемекчибиз.

**1991-2015-окуу жылдарындагы башталгыч класстар үчүн окуу пландарынын сандык көрсөткүчтөрү**

| Кутбилим/ Дил | Кутбилим.0.4.06. 93. -7-б. | | | | Кутбилим. июль-август. 2002. -5-б. | | | | Кутбилим. июль-август. 2004. 6-б. | | | | Дил. 8-август. 2008. 4-б. | | | | Кутбилим. 8-август. 2014. 18-б. | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Окуу пландары | 1993/94-98/99 | | | | 99/00-02/03 | | | | 03/04-04/05 | | | | 05/06-08/09 | | | | 09/10-2014/15 | | | |
| Класстар | 1 | 2 | 3 | 4 | 1 | 2 | 3 | 4 | 1 | 2 | 3 | 4 | 1 | 2 | 3 | 4 | 1 | 2 | 3 | 4 |
| Кырг тили | 7 | 7 | 8 | 8 | 7 | 8 | 8 | 8 | 7 | 7 | 7 | 7 | 7 | 7 | 7 | 7 | 6 | 7 | 7 | 7 |
| Орус тили | 3 | 4 | 4 | 4 | 3 | 4 | 4 | 4 | 3 | 4 | 4 | 4 | 3 | 4 | 4 | 4 | 3 | 3 | 3 | 3 |
| Чет тили | 0/2 | 2 | 2 | 2 | 0/2 | 2 | 2 | 2 | 0/2 | 2 | 2 | 2 | 0/2 | 2 | 2 | 2 | - | - | 2 | 2 |
| Математика | 4 | 5 | 5 | 6 | 4 | 5 | 5 | 6 | 4 | 5 | 5 | 6 | 4 | 5 | 5 | 6 | 4 | 5 | 6 | 6 |
| Мекен таануу | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 2 | 2 | 2 | 1 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Сүрөт искусствосу | 1 | 2 | 2 | 2 | 1 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 2 | 2 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Музыка | 1 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Дене-тарбия | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| Адеп | - | - | - | - | - | - | - | - | 1 | 1 | 1 | 1 | - | - | - | - | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Бардыгы | 20/22 | 26 | 27 | 28 | 20/22 | 26 | 26 | 27 | 20/22 | 25 | 26 | 27 | 20/22 | 25 | 26 | 27 | 20 | 22 | 24 | 25 |
| Т-т. коопсуздук негиз-и | | | | | | | | | | | | | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |

**Адабияттар:**


1. Ушинский. К.Д. Родное слово.–Т.2. М.: Педагогика. – 496б.
2. Бабанский. Ю. К. Избр. пед. труды. –М.: Москва. Педагогика.1990.-560с.
3. Бекбоев. И.Б. Инсанга багытталган окуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. Б.: «Бийиктик». 2011. -384б..
4. Разумовский В.Г. Проблемы общего образования школьников и качество обучения физике//Педагогика. 2000. - № 8. 13-14-б.
5. Российская педагогическая энциклопедия. – М.:, 1999. 547-б.
6. Сакиева С.С. Башталгыч мектепте адабий окууга киришүүнүн педагогикалык негиздери. – Б.:2010,-212б.
7. Токтогулов С.Т. Научно-педагогические основы здоровьесберегающего обучения школьников в общеобразовательных школ КР.–Б.: Бийиктик. 2008. -230с.